**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**
**"Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ" ИЛИМИЙ БИЛИМ БЕРҮҮ ӨНДҮРҮШТҮК КОМПЛЕКСИ**

**Б.Осмонов атындагы**
**ЖАМУнун Окумуштуулар**
**кеңешинде каралып,**
**бекитүүгө сунушталган**
**Протокол №** 1
**"** 01 **"** 09 **2025-ж.**

**БЕКИТЕМ**
**Б.Осмонов атындагы**
**ЖАМУнун ректору, т.и.д.,**
**профессор**
**К.Ж.Усенов** ___________
**"** 01 **"** 09 **2025-ж.**

# Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН КАФЕДРАЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОСУ

**Жалал-Абад-2025**

1. **Жалпы жоболор**

1.1. Жалал-Абад мамлекеттик университетинин институту жөнүндөгү жобосу Кыргыз Республикасынын 11.08.2023 жылдагы “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамынын, КРнын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы №246 токтомунун, КРнын Министрлер кабинетинин 2024-жылдын 5-февралындагы №45 токтомунун, “Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети” илимий билим берүү өндүрүштүк комплексинин Уставынын, КРнын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 22-майы, №258 Кесиптик жогорку жана орто билим беруу чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө токтомунун жана КРнын Министрлер Кабинетинин 2024 -жылдын 24-сентябрындагы №590 Жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынынишин жөнгө салган ченемдик укуктук актыларын бекитүү жөнүндө жана 2025-жылдын 10-июнундагы №329 Кесиптик жогорку жана орто билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө, токтомдорунун негизинде,ЖАМУда иштелип чыккан тиешелүү локалдык нормативдик документтерге таянып жасалды

1.2, ЖАМУнун кафедрасы (мьшдан ары - кафедра) студенттердин окуу- усулдук, илимий-изденуучулук ишмердуулугун, сабактан тышкаркы иштерин жургузген, ошондой эле жогорку билимдуу адистердин квалифнкациясын жогорулатуу жана даярдоо, кайра даярдоодо жогорку квалификациялуу илимий-педагогикалык кадрларды бир же бир нече тектеш багыттар жана адистиктер боюнча даярдоочу Жалал-Абад мамлекеттик университетинии окуу-усулдук, илимий бөлүмү болуп эсептелет

1.3.Кафедранын ишмердуулугунун негизгн максаты жогорку билимди. жогорку билимден кийин жана кошумча кесиптик билимди алуу менен инсандын адеп-ахлактык, мадаиий, интеллектуалдык өнүгүүсүндөгү муктаждыктарын канааттандыруу болуп эсептелет.

1.4.Кафедра тиешелүү институттун курамына кирет жана окуу, илимий, тарбиялык иштерди уюштурууну камсыз кылат.

1.5.Кафедра өз ишин университеттин стратегиялык өнүгүү планына ылайык аткарат.

**2.Кафедранын негизги милдеттери**

1.Окутуучулук-профессордук курамдын окуу-усулдук ишмердуулугун онуктүрүү;

2.Студенттин чыгармачылык потенциалын жана анын мумкунчулуктөрун өнүктуруу максатында окутуунун гехнологияларын өркүндөтүү;

3.Окутуучулук-профессордук курамдын, илимий-педагогикалык кызматкердердин жана студенттердии биргелешкеи чыгармачыл ишмердуулугу аркылуу фундаменталдык, колдонмо илимдерди жана искусствону өнүктүрүү, алынган жыйынтыктарды окуу процессинде колдонуу;

4.Жогорку билимдүү адистерди ошондой эле жогорку квалификациялуу илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо, кайрадан даярдоо, квалификациясын жогорулатуу;

5.коомдун нравалык, маданий жана илимий баалуулуктарын көбөйтүу жана коргоо;

6.Калк арасында билимдерди жайылтуу, мамлекеттин интеллектуалдык потенциалын жогорулатуу;

7.Мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык адистерди даярдоону камсыз кылуу;

8.Окутуу процессин методикалык жактан камсыз кылуу;

9.Окуу пландарын,негизги билим берүү программаларын жана окуу материалдарын иштеп чыгуу жана жаңыртуу;

10.Сабактарды заманбап окутуу технологияларын колдонуу менен уюштуруу;

11.Илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү жана алардын жыйынтыктарын практикага киргизүү;

12.Жаңы окуу-методикалык куралдарды, окуу китептерин жана монографияларды даярдоо;

**3.Кафедра томөнкү негнзги функцияларды аткарат:**

1.Мамлекетгик билим беруу стандартына ылайык жогорку, жогорку билимден кийин жана кошумча кесиптик билим беруунун кесиптик билим беруу программаларынын долбоорун иштеп чыгат, аларды институттун жана ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешине кароого киргизет;

2.Бекитилген кесиптик билим беруу программаларын ишке ашырат, тиешелуу, мамлекетгик билим беруу стандартынын талаптарынын сакталышына жоопкерчиликти алат;

3.Студенттердин өз алдынча иштерин, жекече жумуштарын, семинардык, лабораториялык, практикалык, лекциялык сабактардын бардык формаларын жана кафедрага бекитилген бардык дисциплиналар боюнча окуулардын башка түрлөрүн каралган окуу планынын негизинде жетиштүү илимий-теориялык, усулдук жана уюштуруучулук денгээлде иш жүргүзөт жана аткарат;

4.Практиканын бардык түрлөрүнүн натыйжалуу өтүшүн уюштурат жана камсыз кылат, практиканын жыйынтыгын кафедранын кеңешмесинде талкуулайт жана жөнөтүүчү,рефлексиялык жана жыйынтыктоочу конференция, өткөрөт;

5.Студенттердин курстук жана бүтүрүү (дипломдук, квалификациялык) иштерине (долбоорлоруна) компетенттүү жетекчиликти камсыз кылат;

6.Студенттердин билимин жыйынтыктоочу (ар бир семестрдив акырында) жана учурдагы (модулдук-рейтингдик) текшерүүнү өткөрүүнү уюштурат жана жыйынтыктарын анализдейт.

7.Студент-бүтүрүүчүлөргө белгиленген тартипте жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону уюштурат;

8.Окутуунун инновацилык технологияларын өнүктүрүү боюнча окутуунун сапатын жана эффективдуулугун жогорулатуучу илимий-усулдук программаларды иш жүзүнө ашырат;

9.Студенттерди илимий ишке тартуу менеи профессордук-окутуучулук курамдын илимий иштерин пландайт жана уюштурат;

10.Окутулуучу дисциплиналардын усулдук камсыздалышын: окуу **китептерин,** окуу куралдарын, окуу-усуддук жана башка маалымат материалдарын иштеп чыгууну уюштурат;

11.Окуу жана илимий-изилдөөчүлүк лабораториялардын жана башка бөлүмдөрдүн илимий-усулдук, илимий-изилдөөчүлүк, окуу жана окуу-усулдук ишмердүүлүгүн жетектөөнү жүргүзөт;

12.Аспирант, докторант, улук илимий кызматкер, изденүүчү жана кафедра мүчөлөрүнүн илимий изилдөөлөрүнүн темаларынын бекитилишии карайт жана **суну**штарды киргизет;

13.Кафедра мүчөлөрүнүн окумуштуулук даражаны алуу үчүн жазылган диссертациясын карайт жана окуу жайдын жетекчилигинин тапшырмасы менен башка изденүүчүлөрдүн ишин талкуулап, корутунду чыгарат;

14.ЖАМУнун жетекчилигинин же институттун директорунун тапшырмасы менен кафедра кызматкерлеринин, же башка жогорку окуу жайларынын басмага даярдалгаи окуу китептери, окуу куралдары, дисцишшналардын окуу .программаларьшын долбоорун карап, талкуулайт жана **корутунду** даярдайт;

15.Кафедранын жана ЖАМУнун бүтүрүүчүлөрү, аспирант, докторанттары менен байланыш тузөт;

16.Белгиленген тартипте ЖАМУнун кабыл алуу ишине катышат;

17.Окуу-усулдук, илимий-изденүүчүлүк иштерди уюштуруу, өткөрүү боюнча чет өлкөлүк ЖОЖдордун кафедралары менен ошондой эле кафедранын илимий багыты боюнча чет өлкөлук илимий-изилдөөчү уюмдар менен байланышты камсыздайт;

18.Иш берүүчүлөр менен байланышат,жумуш орунда окутууну ишке ашырат

**4. Кафедранын түзүмү жана башкаруу**

1.Кафедрага бекитилген дисциплиналарды тиешелуу илимий-теориялык, усулдук жана уюштуруучулук деңгээлде окутууну жана окуу-усулдук, илимий-изденүүчулук иштерди аткарууну камсыз кылган инженердик-техникалык, окуу-жардамчы кызматкерлердин, аспирант, докторанттардын, окутуучу-профессордук курам (профессорлор, доцентгер, улук окутуучулар, окутуучулар)түзөт.

2.Кафедранын жыйыны — кафедранын жамааттык башкаруу органы болуп саналат.

3.Кафедра жыйыны төмөнкү маселелерди карайт:

- Окуу жана илимий ишмердүүлүктүн жыйынтыктарын талдоо;
- Жаңы окуу пландарын жана программаларды бекитүү сунушу;
- Окутуучулардын жекече планын жана жыйынтыктарын карап чыгуу;
- Жаш адистерди насаатчыларга бекитүү.

4.Кафедра башчысы кафедранын ишин уюштурат, университеттин жана институттун жетекчилигине отчет берет.

5.Кафедрага кафедранын жана башка бөлүмдөрдүн илимий багыты боюнча илимий-изденуучулук иштерин жүргүзгөн илимий-изденүүчүлүк лабораториялар, окуу лабораториялары бекитилип берилет.

6.Кафедра институттун курамында түзүлөт же ЖАМУнун ректорунун түздөн-түз көзөмөлүндө болот.

7.Кафедра институттун, университеттин Окумуштуулар кеңешинин кафедраны ачуу тууралуу чечимдеринин негизинде ЖАМУнун ректорунун буйругу менен төмөнкүлөрдү эске алып уюштурулат:

- материалдык-техникалык базанын бар болушу;
- окуу процессин тиешелуу окуу-усулдук камсыздоонун мүмкүнчүлүктөрү бар болсо**;**
- кафедрага бекитилген дисциплиналарды уюшкандык деңгээлде, теориялык, усулдук жактан окутууну камсыз кылуу учун профессордук- окутуучулук курамдын (5 штаттык окутуучудан кем эмес, алардын ичиненкеминде экөөсүндө окумуштуулук наамы же даражасынын бар) болушу;

8.Аскер кафедрасы Кыргыз Республикасынын Минстрлер кабинетинин токтому менен түзүлөт.

9.ЖАМУнун Окумуштуулар кенешинин тиешелуу чечимииин негизинде окуу жайдын ректорунун буйругу менен кафедра кайра уюштурулат (бөлүнөт, бириктирилет жана кайра профилденет), ошондой эле жоюлат.

10.Чет тилдеринин жана дене тарбиясынын жалпы кесиптик (факультет аралык) кафедрасы илимий даражасы жана илимий наамына карабай жогорку квалификациялуу адистерден тузулушу мумкун.

11.Кафедранын ишмердүүлүгүн түздөн-түз жетектөөнү окумуштуулук даражасы, наамы бар ЖАМУнун ректорунун буйругу менен 5 жылга чейинки мөөнөткө дайындалган кафедра башчысы жүргүзөт.

12.Кафедраны, түзүүдө жана кайра уюштурууда (бөлүүдө, бириктирүүдө, жоюуда жана кайра профилдештирууде) белгиленген тартип боюнча ЖАМУнун ректорунун буйругу менен кафедра башчысынын милдетин аткаруучу дайындалат.

**5. Кафедра башчысынын укуктары жана милдегтери**

Кафедра башчысы:

1. ЖАМУнун жана кафедранын ишмердүүлүгүнүн маселелери чечилүүчү жана талкууланууучу университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишине катышат;
2. жогорку, ЖОЖдон кийинки жана кошумча кесиптик билим беруу программаларын ишке ашырууда мамлекеттик билим беруу стандартынын талаптарын сактоо жоопкерчилигин алат;

3. кафедранын иштерин пландайт жана бекитилген кызматтык. милдеттерине ылайык аны кафедра кызматкерлерине бөлүштүрөт;

4. кафедрага бекитилген дисциплиналар боюнча студенттердин билиминин сапаты жана деңгээли үчүн жоопкерчиликти алат. окуу жүктөмүн бөлүштүрүп, өз убагында жана сапаттуу аткарылышын камсыз кылат;

5. кафедранын окуу, окуу-усулдук, илимий-усулдук, илимий-изилдөөчүлүк ишмердүүлүгүн жетекчиликке алат;

6. **окуу** процессин, студенттердин практикасын өткөрүүнү, студенттердин өз алдынча иштерин аткаруусун жана тарбиялык иштерин көзөмөлдөйт;

7. окуу процессинин графигинин сакталышын жана окуу жадыбалынын аткарылышын көзөмөлдөйт;

8. студенттердин билимин аралыктан (ар бир семестрдин акырында) жана учурдагы (модулдук-рейтингдик) текшерүүнү өткөрүүнү контролдойт жана жыйынтыктарын анализдейт;

9. окуу китептерин, окуу-усулдук куралдарды иштеп чыгуу, кафедранын окуу лабораторияларында, илимий кружокторунда жана башка бөлүмдөрүндө кафедрада өткөрүлгөн студенттердин чыгармачыдык иштерин уюштуруу боюнча кафедра мучөлөрүнүн иштерин контролдойт жана координациялайт.

10. илимий-педагогикалык кадрларды (аспирант, докторант, изденуучу) даярдоо жана профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатуу ишин жетекчиликке алат;

11. профессордук-окутуучулук курамдын жекече иш. пландарын бекитет, кафедраньш компетенциясына кирген башка документтерди карайт жана. бекитет;

12. кафедра кызматкерлерин кызматка алуу, кызматтан бошотуу, кызмат орунга которуу жана аларды моралдык, материалдык сыйлоо, ошондой эле тартиптик жаза чаралары тууралуу ЖАМУнун жетекчилигине сунуш берет;

13. кафедранын түзүмү жана штаттык жадыбалы боюнча ЖАМУнун жетекчилигине сунуштарды берет;

14. окуу-тарбиялык, усулдук, илимий-изилдөө иштери учун зарыл шарттарды камсыз кылуу максатында маселелерди ЖАМУнун түзүмдүк башка бөлүмдөрү менен биргеликте чечет;

15. ар бир окуу жылында кафедранын ишмердүүлүгү тууралуу отчет даярдайт, аны факультеттин Окумуштуулар кеңешине кароого киргизет.

16. Кафедра башчысынын жекече иш планы кафедранын жыйынында талкууланат жана институттун директору тарабынан бекитилет.

17. Кафедра башчысы жетекчилик кылган кафедранын ишмердүүлүгү учун жеке жоопкерчилик алат. Кафедра башчысынын ушул кызмат ордунда иштеген мезгилиндеги иши тууралуу отчетунун мөөнөтүн жана формасын ЖАМУнун жетекчиси белгилейт,

18. Кафедра башчысынын төрагалыгы менен кафедранын жыйынында окуу, окуу-усулдук, илимий-изденүүчүлүк жана тарбиялык иштердин аткарылышы талкууланат жана анализденет. Жыйынга профессордук-окутуучулук курамдан сырткары кафедранын окуу-жардамчы персоналдары, башка ЖОЖдун жана кафедралардын кызматкерлери, ЖАМУнун жетекчилигинин өкүлдөрү жана талкууланып жаткан маселени чечүүгө кызыкдар болгон башка кызматкерлер катыша алат,

19. Кафедрада окуу-тарбия процессинин мазмунун уюштурулушун жана аткарылышын чагылдырган документтер болушу керек. Документтерди жургузуу тартиби жана тизмеси, аны сактоо, жокко чыгаруу тартиби ЖАМУнун иш кагаздарын жургузуу нускамасы жана уставы менен аныкталат,

**6.Кафедранын укуктары:**

1. Өзүнүн окуу жана илимий ишин пландаштыруу жана уюштуруу;
2. Жаңы предметтерди, курстарды жана программаларды сунуштоо;
3. Илимий долбоорлорго, гранттарга жана конференцияларга катышуу;
4. Окутуучуларды, ассистенттерди жана лаборанттарды тандоо боюнча сунуш киргизүү;
5. Билим берүү процессин жакшыртуу боюнча сунуштарды институттун жана университеттин жетекчилигине берүү;
6. ЖАМУнун академиялык жана илимий кеңештеринде өз өкүлдөрү аркылуу катышуу;
7. Материалдык жана техникалык базаны жакшыртуу боюнча демилге көтөрүү;
8. Студенттерди практикага жөнөтүү жана өндүрүш ишканалары менен келишим түзүү демилгесин көтөрүү.

**7. Кафедранын жоопкерчилиги**

Кафедра төмөнкү багыттар боюнча жоопкерчилик тартат:

1. Окутуунун сапаты жана билим берүүнүн мазмуну үчүн;
2. Мамлекеттик билим берүү стандарттарын аткаруу үчүн;
3. Илимий жана методикалык ишмердүүлүктүн жыйынтыгы үчүн;
4. Финансылык жана материалдык ресурстарды максаттуу пайдалануу үчүн;
5. Окутуучулардын жана студенттердин эмгек жана окуу тартибин сактоо үчүн;
6. ЖАМУнун ички тартип эрежелерин жана моралдык-этикалык нормаларды сактоо үчүн.

**8. Жыйынтык жоболор**

1. Кафедранын ишмердиги университеттин өнүгүү стратегиясына ылайык жүргүзүлөт.
2. Ушул Жобо ЖАМУнун академиялык кеңешинде талкууланып, ректордун буйругу менен бекитилет..
3. Кафедра өз ишин ушул Жобонун негизинде жана ЖАМУнун ички нормативдик документтерине ылайык жүргүзөт.

**Түзгөндөр:**
Алибаев А.П.
УметовТ.Э
Турдубаева Б.М.